# *ЭКОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ*
# *ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ*
# *ECOLOGY SCIENCE*

*Ташматова Н.К.*

## БАТКЕН «АК-ТУРПАК» КҮРҮЧҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ӨСТҮРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯСЫНЫН БИОЭКОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Ташматова Н.К.*

## ТЕХНОЛОГИЯ ВЫРАЩИВАНИЯ И БИОЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ВИДОВ БАТКЕНСКОГО РИСА «АК-ТУРПАК»

*N.K. Tashmatova*

## THE TECHNOLOGY OF THE GROWING AND BIOECOLOGICAL DIFFERENCES AND KINDS OF BATKEN RICE «AK-TURPAK»

*УДК: 332.62/433*

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын күрүч өндүрүү, өзгөчө Баткен областынын Кыргызстанда белгилүү «Ак-Турпак» күрүчүнүн өстүрүлүшү боюнча маалыматтар келтирилген. Баткен областынан алынып келинген күрүчтүн сортторуна биоэкологиялык мүнөздөмөлөр берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *күрүч, «Ак-Турпак», түшүмдүүлүк, девзире, лазер, авангард, себүү, минералдык жер семирткичтер, гербицид, скирда.*

*В данной статье приведены данные о производстве риса в Кыргызской Республике, в частности в Баткенской области, где возделывается популярный на Кыргызстан рис «Ак-Турпак». Приведены сорта возделываемых в Баткенской области риса и их биоэкологические характеристики.*

***Ключевые слова:*** *рис, «Ак-Турпак», урожайность, девзире, лазер, авангард, посев, минеральные удобрения, гербицид, скирда.*

*In this article, the data on rice production in the Kyrgyz Republic, particularly in the Batken region, where it is cultivated popular in Kyrgyzstan rice «Ак-Turpak». The varieties cultivated in Batken rice and their bioecological characteristics.*

***Key words:*** *rice, «Ак-Turpak», productivity, desire, laser, vanguard, seeding, fertilizer, herbicide, stack.*

Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин агроөнөржай өнүгүү стратегиясынын негизинде, мамлекет тарабынан приоритеттүү айыл-чарба өсүмдүктөрүнү комплекстүү өстүрүүнү алдын ала айдоолору белгилеп берилет [1]. Айыл-чарба өндүрүшүндөгү экологиялык таза айыл-чарба продукцияларынын негизги өсүмдүк өстүрүүдө химиялык жер семирткичтерсиз же уулуу химикаттарсыз өстүрүүнүн ыкмаларын өнүктүрүү болуп саналат.

Адистештирилген сапаттуу органикалык айыл-чарба продукцияларынын атаандаштыкка ылайыкташтырып, аларды айдоодо, иштетүүдө жаңы технологияларды колдонуу керек. Ички жана тышкы базарда өндүрүлгөн азыкка талаптын болушу жана алардан жогорку деңгээлде каражат алуу болуп саналат. Экологиялык таза продукцияны алууда жана өндүрүүдө топурактын органикалык составын сактоо жана жогорулатуу керек.

Баткен областында азыркы убакта жер иштетүүдө маданий өсүмдүк буудайдан кийинки эле күрүч эгилет. Бул маданий өсүмдүк көптөгөн мамлекеттер үчүн эң маанилүү болуп саналат [2]. 1-таблицада Баткен областындагы күрүчтүн айдалуусу боюнча маалымат берилген. Бул таблицада акыркы 5 жылдыкта күрүч айдалган жерлердин аянты кеңейтилип, 1766 га жеткен. 2013-жылдан бери башка маданий өсүмдүктөр күрүчтөн аз эгилип жатат. Баткен областында бул жылдарда күрүчтүн түшүмдүүлүгү 4,6 ц/га ны республикалык мааниде 4,1ц/га ны көрсөткөн. Бул көрсөткүчтөн дагы жакынкы убактарда же жакынкы жылдарда күрүчтүн айдалышын жана анын түшүмүнүн сапаттуулугу кандай болоорун окуп үйрөнүшүбүз керек. Окуп үйрөнүү менен бирге күрүчтүн түшүмдүүлүгүн жана өндүрүмдүүлүгүн, түрлөрүн, сапаттуулугунун талабын күчөтүү болуп саналат.

*Таблица 1*

**Баткен областындагы күрүч айдоонун көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**

| Жыл | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | КР боюнча | Баткен областы | Райондор | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Баткен | Кадамжай | Лейлек | Баткен шаары |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 2010 | Аянт , га | 6334 | 2558 | 312 | 1818 | 403 | 25 |
| | Дүң жыйым, т | 20860,6 | 7089,2 | 786,7 | 4907,0 | 1331,0 | 64,5 |
| | Түшүмдүүлүк, ц/га | 30,5 | 27,7 | 25,2 | 27,0 | 33,0 | 25,8 |
| 2011 | Аянт , га | 6289 | 2501 | 286 | 1812 | 403 | - |
| | Дүң жыйым, т | 19431,5 | 6523,3 | 776,8 | 4412,7 | 1333,8 | - |
| | Түшүмдүүлүк, ц/га | 29,9 | 26,1 | 27,2 | 24,4 | 33,1 | - |
| 2012 | Аянт , га | 7160 | 2495 | 289 | 1860 | 344 | 2 |
| | Дүң жыйым, т | 23068,6 | 6857,2 | 828,9 | 4887,3 | 1135,0 | 6,0 |
| | Түшүмдүүлүк, ц/га | 31,7 | 27,5 | 28,7 | 26,3 | 33,0 | 30,0 |
| 2013 | Аянт , га | 7904 | 2718 | 259 | 2112 | 347 | - |
| | Дүң жыйым, т | 27225,7 | 8676,3 | 752,5 | 6775,0 | 1148,8 | - |
| | Түшүмдүүлүк, ц/га | 33,9 | 31,9 | 29,1 | 32,1 | 33,1 | - |
| 2014 | Аянт , га | 8100 | 2550 | 259 | 2308 | 347 | - |
| | Дүң жыйым, т | 28200 | 8200 | 752,5 | 7408,7 | 1148,8 | - |
| | Түшүмдүүлүк, ц/га | 34,6 | 32,3 | 29,1 | 32,1 | 33,1 | - |

1-таблицадагы маалыматтар көрсөтүп тургандай күрүчтү иштетүүнүн негизги зоналары болуп, Баткен областынын Кадамжай районунун Ак-Турпак айыл өкмөтү эсептелет (2-таблица).

Баткен областынын Кадамжай районуна караштуу Ак-Турпак айыл өкмөтү түндүк-чыгышынан Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнөн, түндүк-батышынан Өзбекстан Республикасынан ал эми түштүк-батышынан Баткен районунан чектелип турат. Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн территориясы 66725 кв.км. жана деңиз деңгээлинен 950 м бийиктикте, Сох дарыясынын жээгинде жайгашкан. Райондун борбору Баткенден 33 км түндүк-чыгыш тарапта. Исфара шаарынан (Тажикстан) 38 км.

Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн баардык айылдарында күрүчтүн түрлөрү эгилет. Алардан Ак-Турпак күрүчү (Жайдары девзире), Ак-девзире жана Кылканы жок девзире жергиликтүү турлөр болуп саналат да, азыркы күндө Жайдары девзире гана 1950-жылдан бери эгилип келе жатат. Ага чейин Марго, Чилги жана Хореки деген түрлөрү эгилген. Ал эми Лазер, Авангард, Андижан, Аланга деген сорттору Өзбекстандан алынып келинип, 20 жылдан бери эгилип келе жатат. Жергиликтүү түр Ак-Турпакка (Жайдари-девзире) караганда Өзбекстандан алынып келинген Лазер, Авангард, Андижан, Аланга деген сортторунун түшүмдүүлүгү жогору. Ал эми Ак-Турпак күрүчүнүн отоо чөптөргө, зыянкечтерге, температурага жөндөмдүүлүгү начар. Ошондуктан дыйкандар Ак-Турпак күрүчүнөн башка сортторду көп эгишет. Бирок бул күрүчтүн аш болумдуулугу, даамы, сапаты абдан жогору жана кардарлар атайын буюртма менен алып кетишет. Ал эми башка сортторду көбүнчө Тажикстанга сатууга чыгарышат жана алардан талап болуп турат. Ак-Турпак айыл өкмөтүндө Өрүкзар, Жаш-Тилек, Келечек, Миң-Чынар, Жаңы-Жер, Ак-Турпак, Токой, Кызыл-Коргон, Өтүкчү, Чоң-Кара, Калача, Чогорок, Сары-Камыш жана Кара-Тумшук деген айылдары бар. Бул айылдардын ичинен Кызыл-Коргон, Ак-Турпак, Чоң-Кара, Токой, Чогорок, Өтүкчү жана Калача айылдарында күрүчтүн түшүмдүүлүгү жогору болот. Себеби, Сох дарыянын боюнда, эски калк жашаган айылдар. Бул дарыяда алтын бар, эки тоонун ортосунда өтө тереңдикте жайгашкан, анализ алууга мүмкүн эмес.

*Таблица 2*

**Ак-Турпак айыл өкмөтүндөгү күрүчтү жыйноодогу жылдык маалыматтар:**

| Көрсөткүчтөр | 2014-жыл | 2015-жыл |
|---|---|---|
| Эгилген аянты, га | 1750,0 | 1842,0 |
| Түшүмдүүлүк, ц/га | 35,0 | 35,0 |
| Дүн жыйым, кг | 60080 | 64470 |

Күрүчтү өстүрүүдө минералдык жер семирткичтерден аммиак селитрасы, карбамид мочевинасы, нитроаммофос колдонулат. 1 гектар шалы аянтыга – 600 кг жер семирткичтер колдонулат. Аммиак селитрасы, карбамид мочевинасы, нитроаммофос өзүнүн өлчөмүндө колдонулат. Мындан тышкары органикалык жер семирткичтер да колдонулат.

**Баткен Ак-Турпак күрүчүнүн себүү өзгөчөлүктөрү.** Ак-Турпак күрүчүн себүү 25-майдан 5-июнга чейинки аралыктарда жүргүзүлөт. Алгач урукту жууп, жылуурак сууга жибитет. Нормалдуу температурада урук өнөт. Урук өнүп даяр болгонго чейин, жер даярдалат. Даяр болгон жерге суу айдалат да, трактор менен ылаймач кылынат. Суунун температурасы +12 Сден жогору болуш керек. Өнгөн урук 1 га 150 кг чейин себилет. Бирок урукту себүү да топурактын составына карата болот. Себилгенден кийин температура нормалдуу болсо 7-15 күнгө чейин өнүп чыгат. Өнгөндөн кийин химиялык жер семирткичтер азыраак өлчөмдө берилет. Өсүү процесси жылуу сууда тез жүрөт. Шартына карай жер

семирткичтер тынымсыз өзүнүн нормасында берилип турат. Эгилгенден кийин 1 ай убакытка чейин отоо чөптөр үчүн гербициддер чачылат. Гербициддерди күрүч талаасындагы сууну кургатып, андан кийин чачышат. Андан кийин отоо чөптөрдүн толук жок болушу 10 күндүн аралыгында байкалат. Эгерде отоо чөптөр калган болсо, кайрадан гербициддер чачылат. Өсүү процесси тынымсыз жүрүп турат. Жер семирткичтер да өзүнүн нормасында, башкача айтканда 100 кг ар 10 күндө колдонулат. 40-60 күнгө чейин тынымсыз минералдык, органикалык жер семирткичтер колдонулат. 60-күндөн кийин гүлдөө процесси башталат. Гүлдөгөндөн кийин даны дайын болот.

*Таблица 3*

**Күрүчтүн отоо чөптөрүнө колдонулуучу гербициддер**

| № | Гербициддердин аты | Баасы, сом | л/га |
|---|---|---|---|
| 1. | Рейнбоу | 3800 | 1л/ 1га |
| 2. | Гулливер | 4000 | 1л/1га |
| 3. | Базагран | 800 | 4л/1га |
| 4. | Амин туздары | 450 | 1л/1га |

Андан кийин жер семирткичтер дагы колдонулат. Себеби жер арык болсо, шалы саргайып, түшүмдүүлүк начар болуп калышы мүмкүн. Дан пайда болгондон кийин, муздак суу айдалбайт, түгөп калса муздак суудан азыраак толтурулат. Жайдын күнү суу өтө муздак болот, себеби мөңгүлөр ээрип түшөт. Эгерде күрүч талаасына суу алыстан агып келе турган болсо, жылуурак болот да, дайыма сугарып турууга болот. Күрүч бышууга келгенде саргайып, 90 күндө байкалат, 100-110 күндө сууну таштайт, 5-7 күн аралыгында сууну кургатуу керек.

Андан кийин күрүчтү оруп-жыйноо башталат. Эгерде күрүч эгилген талаа (пал) чоң болсо комбайн, ал эми чакан болсо колдо орулат. Колдо орулган күрүч таза болот. Орулгандан кийин шалы скирда болуп жыйылат. Скирданын мааниси мында бышпагандары бышып, дан жетилип, күрүч сынбай бүтүн боюнча сакталат, ашы да даамдуу болот. Скирда болуп 3-7 күнгө чейин турат. Жардамчы күч менен комбайнга салынат да андан, «шалы даны» чыгарылат. Андан кийин нымдуулугуна карап, кургатуу процесси жүрөт, өтө кургак да ным да болбош керек. Күрүч тегирмен Ак-Жувазда акталат. Эгерде нымдуулугу нормалдуу болбосо, Ак-Жуваз да күрүчтүн дандары майдаланып калат. Көбүнчө кургатуу түнү болот, күндүзү күн алып кетет (чоолайт).

Жайында күн +25+30 С температурада же нормадан ашык болсо, көбүрөөк муздак суу айдалат. Көбүнчө бышаар алдында муздак сууну айдаса, күрүчтүн даны катуу жакшы болот. Түшүмдүүлүгү 1 га 3-5т чейин нак күрүч, анын ичинен бүтүнү 2,5 т.

**Мамытов Жолдош Токой айылынын дыйканы.** Токой айылында 1947-жылдан бери күрүчтүн Жайдари-девзире деген сорту эгилип келе жатат. Ошол жылдан баштап 1955-жылга чейин күрүчтүн бул сорту эгилип келген. Андан кийин өтө нымдуулук көп болуп безгек чиркейинин көбөйүп кеткендигине байланыштуу, жерди котоpуу максатында күрүчтүн ордуна, жүгөрүнү эгишкен. Бирок жергиликтүү калк күрүч менен дыйканчылык кылууга үйрөнүп калгандыктан, кайрадан эле 1957-жылдан баштап Жайдари-девзирени эгүүнү улантышкан. Ошол жылдары күрүчтүн түшүмдүүлүгү начар болгон, себеби суу тартыш болуп, кургакчыл болгон.

Мамытов Жолдоштун үй-бүлөсү 1971-жылдан бери күрүчтүн Жайдари-девзире деген сорту эгилип келе жатат. 1985-жылы сарек кылып терип алып, урукту ошондон бери 1 га айдоо аянтка 150 кг чейин урук себилет. Урукту муздак сууга салат, эккенге чейин 10 күндө даяр болот. Жер даяр болгондон кийин себүү үчүн, суу коюп жерди кайрадан айдайт. Өнгөн урук даяр болгон жерге себилет, суу 10-15 см данды көмүп туруу керек. Түшүмдүүлүктү жогору алуу үчүн органикалык жана минералдык жер семирткичтер пайдаланылат. Отоо чөптөрү үчүн да, атайын гербициддер чачылат. Себилгенден кийин, 8-10 күнгө калбай өнүп чыгат. 60-күндөн кийин гүлдөө процесси башталат. Гүлдөгөндөн кийин даны дайын болот.

Ак-Жувазга эки жолу салынат. Сыкмадан чыккандан кийин «келли» де 8-12 саат урулат да андан кийин элгенет. Элгөөдө бүтүн, сынык, өтө майда (ак шак) кылып бөлүп алышат.

Жайында күн +25 - +30 $^{o}$C температурада же нормадан ашык болсо, көбүрөөк муздак суу айдалат. Көбүнчө бышаар алдында муздак сууну айдаса, күрүчтүн даны катуу жакшы болот. Түшүмдүүлүгү 1 га 3 - 5т чейин нак күрүч, анын ичинен бүтүнү 2,5 т. 1 кг шалыдан 400-600гр. чейин күрүч алынат. Мамытов Жолдоштун дыйканчылык жылдарында 3 жолу гана 1 кг шалыдан 600 гр. дан күрүч алынган. Анын себебин ал температуранын, суунун нормада болушу менен түшүндүрдү.

**Адабияттар:**


1. Проект стратегии агропромышленного развития Кыргызской Республики до 2020 года. - Бишкек: МСХиМ КР, 2012. - С. 68.
2. Смаилов Э.А., Самиева Ж.Т., Смаилова Х.Э. Рис – уникальная культура. - Бишкек: 2011. - С. 132.


**Рецензент: к.биол.н., доцент Омурзакова Г.Т.**